| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛАСТЫ<br>МАНАС РАЙОНУ<br>КЫРГЫЗСТАН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>МАНАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ<br>КЫРГЫЗСТАН |
|---|---|---|

**Кыргызстан айыл аймагынын айылдык кенешинин I -чакырылышынын IV –кезектүү сессиясынын токтому**

**ТОКТОМ № 28**

**30.07.2025-жыл** **Талас айылы**

**Лизингке авто машина алуу жөнүндө**

Мамлекеттик лизинг компаниясынан 2025 –жылдын 30 –июлундагы № 1-08-2/212 сандуу катында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025 –жылдын 7-июлундагы № 633 тескемесин аткаруу максатында Кыргызстан айылдык кеңештин кезектүү сессиясы **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025 –жылдын 7-июлундагы № 633 тескемесинин негизинде Кыргызстан айыл өкмөтүнө жергиликтүү бюджетинен авто унна сатып алуу үчүн уруксат берилсин.
2. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы С.Белековага милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын бюджет- экономика тармагы боюнча комиссиясына милдеттендирилсин.

**Төрайым** **Н.Качкымбаева**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
МАНАС РАЙОНУ
КЫРГЫЗСТАН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
МАНАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КЫРГЫЗСТАН

**Кыргызстан айыл аймагынын айылдык кеңешинин I -чакырылышынын IV –кезектүү сессиясынын токтому**

**ТОКТОМ № 29**

**30.07.2025-жыл**

**Талас айылы**

**2025 –жылдын алты айында аткарган иштери жөнүндө**

Кыргызстан айыл өкмөтүнүн 2025- жылдын алты айында аткарган иштери тууралуу билдирүүсүн угуп Кыргызстан айылдык Кеңеши :

**Токтом кылат:**

1. Кыргызстан айыл өкмөтүнүн башчысы М.Дүйшөбаевдин 2025-жылдын алты айында аткарган иштери тууралуу билдирүүсү канаттандырарлык деп табылсын.
2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет –экономика тармагы боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

**Төрайым** **Н.Качкымбаева**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
МАНАС РАЙОНУ
КЫРГЫЗСТАН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
МАНАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КЫРГЫЗСТАН

**Кыргызстан айыл аймагынын айылдык кенешинин I -чакырылышынын IV –кезектүү сессиясынын токтому**

**ТОКТОМ № 30**

**30.07.2025-жыл**

**Талас айылы**

**Кыргызстан айыл аймагында жер, мүлк салыгынын ченин жана зоналдык коэффициентин киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 2025-жылдын 12-февраль айындагы № 37 " Кыргыз Респрубликасынын салык салуу чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Мыйзамына ылайык Салык кодексине " Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин колдонууга киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына киргизилген өзгөртүүлөрдүн негизинде Кыргызстан айылдык кеңештин кезектүү сессиясы **токтом кылат:**

1. Кыргызстан айыл өкмөтүнүн аймагында 2026-жылдын 1-январь айынан тартып мүлк салыгы киргизилсин.
2. Мүлк салыгын эсептөө Кыргыз Республикасынын салык кодексинин негизинде турак жай үчүн 1,5 чени (ставка) менен жүргүзүлсүн.
3. Кыргызстан айыл өкмөтүнүн аймагында жер салыктарын эсептөө үчүн КЗ- зоналдык коэффициенти 1,5 болуп бекитилсин.
4. Токтом Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинен каттоодон өткөрүлсүн.
5. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы С.Белековага көзөмөлдөө бюджет- экономика тармагы боюнча комиссиясына милдеттендирилсин.

**Төрайым** **Н.Качкымбаева**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛАСТЫ<br>МАНАС РАЙОНУ<br>КЫРГЫЗСТАН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>МАНАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ<br>КЫРГЫЗСТАН** |

**Кыргызстан айыл аймагынын айылдык кенешинин I -чакырылышынын IV –кезектүү сессиясынын токтому**

**ТОКТОМ**

**30.07.2025 № 31** **Талас айылы**

**"Чон-Капка" чек-ара заставасын салуу үчүн жер бөлүп берүү жөнүндө"**

Кыргыз Республикасынын Улуттук Коопсуздук Мамлекеттик Комитетинин чек ара кызматы 2029 аскер бөлүгүнүн 2025-жылдын 24-июлундагы №268 сандуу катын жетекчилике алып Кыргызстан айылдык кенеши токтом кылат:

1. Кыргызстан айыл аймагына караштуу Айтматов айылынын чыгыш тарабында жайытын жеринде № 36 контурдан 1,92 га жер № 39 контурдан 0,08га жер тилкесин "Чон-Капка" чек ара заставасын салуу үчүн бөлүнүп берилсин.
2. Токтомдун аткарылышын жана тиешелүү документтерин бүтүрүү жагы Кыргызстан айыл өкмөтунун жер маселелер боюнча башкы адис Н.Абдрахмановго милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кенештин алдындагы агрардык комиссиясына милдеттендирилсин.

**Төрайым** **Н.Качкымбаева**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛАСТЫ<br>МАНАС РАЙОНУ<br>КЫРГЫЗСТАН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>МАНАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ<br>КЫРГЫЗСТАН** |

---

**Кыргызстан айыл аймагынын айылдык кенешинин I -чакырылышынын IV –кезектүү сессиясынын токтому**

**ТОКТОМ**

**30.07.2025 № 32** **Талас айылы**

**“Салык кызматына жер бөлүп берүү жөнүндө”**

Кыргыз Республикасынын финансы министирлигине караштуу мамлекеттик салык кызматынын 2025-жылдын 15-майындагы №25-9/5809 сандуу катын жетекчилике алып Кыргызстан айылдык кенеши токтом кылат:

1. Кыргызстан айыл аймагына караштуу Айтматов айылынын чыгыш тарабында жайытын жеринде № 35 контурдан 2,0 га жер тилкесин Салык кызматынын “Чон-Капка” товарларды эсепке алуу пунктун салуу үчүн бөлүнүп берилсин.
2. Токтомдун аткарылышын жана тиешелүү документтерин бүтүрүү жагы Кыргызстан айыл өкмөтунун жер маселелер боюнча башкы адис Н.Абдрахмановго милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кенештин алдындагы агрардык комиссиясына милдеттендирилсин.

**Төрайым** **Н.Качкымбаева**